УДК: 482.371.3
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-325-329

**Турусбекова А.Э.**
пед. илим. канд., доц.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Сейдекулова Г.**
пед. илим. канд., доц.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Турусбекова А.Э.**
канд. пед. наук, доц.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Сейдекулова Г.**
канд. пед. наук, доц.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Turusbekova A.E.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
The State University named after I. Arabaev
**Seydekulova G.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
The State University named after I. Arabaev

# БИЛИМ АЛУУНУН ЫКМАЛАРЫ

# ПРИЕМЫ ПОЛУЧЕНИЯ ЗНАНИЙ

# METHODS OF OBTAINING KNOWLEDGE

**Аннотация:** Макалада билим берүү системасында ар түрдүү усулдардын мааниси, балага билим берүүдө жана тарбиялоодогу анын негизги ролу белгиленген.

Ошондой эле билим берүү чөйрөсүн Ата мекендик жана чет өлкөлүк ыкмалардын негизинде кеңейтүү, билим сапатын жогорулатууда негизги фактору катары мугалимдин ролу көрсөтүлгөн.

**Негизги сөздөр:** билим, усул, ыкма, улуттук баалуулуктар, мурас, маалыматтык технологиялар, дистант.

**Аннотация:** В статье подчеркивается значимость разных методов в системе образования, важность его роли в процессе обучения и воспитания ребенка. В статье также рассмотрены основные приемы расширения образовательной среды на основе отечественного и зарубежного опыта, показаны роль учителя в образовании и основные факторы повышения качества образования.

**Ключевые слова:** знания, метод, прием, национальные ценности, наследия, информационная технология, дистант.

**Annotation:** The article emphasizes the importance of different methods in the education system, the importance of its role in the process of teaching and raising a child. The article also discusses the main methods of expanding the educational environment based on domestic and foreign experience, shows the role of the teacher in education and the main factors of improving the quality of education.

**Keywords:** knowledge, method, reception, national values, heritage, information technology, distant.

Адамга кантип билим берүү керек, кандай ыкманы колдонсок жугумдуу болот деген түбөлүктүү суроо ар дайым педагогдорду, методисттерди ойго салып келген. «Билим адамды коргойт» бул сөздү иликтеп тереңине көнүл коюп көрсөк анда маңыздуу ойлор жатат. Мисал катары эгер адам ооруп калса, ал медицинадан такыр билими жок болсо, кайсы дарыны кайсы учурда, эмнеге колдонорду билбесе, адам эң жөнөкөй эле оорудан жапа чегип калышы мүмкүн. Ошондуктан билим биздин жашообузда эн негизги муктаждыкка айлангандыгы талашсыз маселе. Ошондон келип билим алуу ыкмаларынын тамыры терең жатат.

Бүгүнкү учур бизден ар тараптан билимдүү жаштарды тарбиялообузду талап кылат. Аны менен катар күнүгө миллиондогон китептер жарык көрүп, баалуу деген ойлор бир нече сааттын ичинде өзгөрүлүп жатса, кантип кандай билим алууга жетишүү керек деген да суроо пайда болот. Аларга биз сиз алып жаткан билимиңизди иликтеп алууга үйрөнүңүз деген жоопту бермекпиз.

Адамды ар тараптан билимге ээ кылуу бул маалымат алуу менен гана чектелбейт. Ал үчүн турмуш жашоонун тажрыйбасына, өткөндөн мурасталган баалуулуктарга, дүйнөлүк жана улуттук тарбияга да көңүл буруу абзел. Бул маселеге «Келечеккке сапар»-программасында да көңүл бурулуп, « Адамды билимге толтуруунын, билим берүү төрт ыкмасы бар» – деп белгилейт. Ар бир элдин өзгөчө терең билими болот. Ал билим көкүрөгүндө, жан үйнөсүндө, сезиминде орун алган. Ар бир элге жараша ал билимди кийинки муундарга өткөрүп берүү ыкмалары болот» -деп билимди кийинки муундан-муундарга өткөрүп берүүнүн ыкмаларын негизинен 4 бөлөт:

1. Эң олуттуусу билим жашоо негизи менен өткөрүлүүчү ыкма. Ал кандай ыкма? Ал бардык эл баа туткан, сактаган, негизги жашоо баалуулуктары менен өтөт. Ал берилип иштеген ак эмгекке, жан дүйнөсү менен таза жасаган эмгекке байланыштуу болот. Бул чон эмгекти талап кылат. Ата-бабадан калган жашоо билими бул билимдердин эн негиздүүсү. Ата баласына, энеси кызына болгон өнөрлөрүн, билгенин үйрөтүп жашоого тарбиялашкан. Билим жашоо тиричилик менен балдарга өткөн.

2. Экинчи ыкма бул балага эне менен атанын тарбиясы аркылуу берилет. Уй-бүлө куруу, жашоону улантуу артта из калтыруу. Мурасталган акыл, насыят тарбиясы, үй-бүлөдөн алган тарбия. Ата-бабадан келе жаткан насаат, нарк, салттуу тарбия берүү негизинде жатат. Уй бүлөнүн негизинде жаткан, мыйзамда көрсөтүлбөсө да балага үйрөтүү милдеттүү болгон салттуу тарбияны уул-кызга үйртүү ата-эненин милдети. Уй бүлөдөгү балдардын ээлеген орду, кандай экендиги бекеринен ата-энесине карап баа берилип калган эмес, анткени бул билим алуу ыкмасы ата-эне аркылуу берилет.

3. Үчүнчү ыкма – келечекке багытталган, баа туткан жолу аркылуу алуучу билим. Ар бир адам акыл эс тарткандан баштап билимине, жөндөмүнө, жаккан ишине жана жагдайга жараша жашоодон багытын тандайт. Бала күнүнөн кыялданып же бир нерсени туу тутуп ошону багытта билим алууга умтулат. Бирок, ошол багытты туура тандадыбы же туура эмес багытка кетип калдыбы, аны убакыт жана чөйрө гана көрсөтө алат. Ар бир улуттун, элдин жашоосунун өнүгүшүнүн багыттары болот. Ал тамырлуу жана тамырсыз багыт болуп бөлүнөт. Тамырлуу багыт ата-бабадан келе жаткан ынтымакка, колдоого, коргоого, биримдикке байланышкан. Адам келечекке туура багыт алганда ушул баалуулуктарга таянат. Ал кандай абалга туш болсо да ушул багытынан танбайт. Туура эмес багытты тандагандар тамыры жок, таяна турган баалуулугу жок, өзү үчүн гана жашаган адамдар. Туура багытты тандоого жол көрсөтүшүбүз керек.

4. Төртүнчү ыкма – башка элдерден сиңирген жакшы жана жаман көрүнүштөр аркылуу алуучу билим. Азыркы учур-ааламдашуунун кылымы. Тездик менен өнүгүп жаткан технологиялар, заманбап илимий ачылыштар, баланын алдына келечекти тандоого жол ачат. Улуттук баалуулктарды, тамырдагы жакшы нерселерди таануу менен андан ары ал билимди байытуу, жоготуп албай байытуу негизги милдеттердин бири болуп саналат. Дүйнөдөгү билимдерди өзөктүү, улуттук билимибизге азык катары пайдаланып, күчтүү заман талап кылган билимдерге ээ болушубуз керек.

Бул жерде билим алуу ыкмасы ар тараптуу, турмуштун бардык багыттарын камтып кеткен.

Эми ар бир ыкманы талдап көрөлүчү. Чынында эле эгерде эл күчтүү болсо ал биринчи ыкманы байытып, көркөмдөп заманга ылайык жүргүзөт. Ааламдашуу доорунда ар бир улут өзүнүн баалуулуктарын сактап аны кийинки муундарга өткөрүп берүү да чоң иш. Элдин элдүүлүгү өзүнө тиешелүү жашоодогу жакшы сабактардан турат. Кубаттуу, күчтүү эл гана эл экенин далилдеген, менталитететке тиешелүү сапаттарды сактап кала алат деп ойлойм. Эгерде эл кубаттан кете баштаса, баалуугун баалабаса, барктабаса ал төртүнчү ыкмага ооп кетиши мүмкүн. Башка элдердин маданиятын, этикасына басым жасап өз элинин баалуулугн унутат. Эгерде төртүнчү ыкманы башка ыкмалар менен шайма- шай колдонсо анда эл катары жашап, жойулуу коркунучу болбой тургандыгы белгиленген программада.

Экинчи ыкма бул- балага эне менен атанын тарбиясы аркылуу берилет. Мурасталган акыл, насыят тарбиясы дегенге көңүл бурсак, биздин ата-бабаларда бул тарбияны эң жакшы жолго коюп келгендиги талашсыз. Улууну, ата-энени сыйлоо, сөзгө маани берүү, ата мурасын улантуу, намыстуу болуу, эл-жерди коргоо ж.б. Бүгүнкү күнү да үй-бүлө тарбиясына чоң маани берилет. Ар дайым ата-энелерге бул тарбиянын маани- маңызы жөнүндө маалыматтар берилип келет.

Үчүнчү ыкма – келечекке багытталган, баа туткан жолу аркылуу алуучу билим. Ар бир адамдын алдына койгон келечек максаттары болот. Ар кандай баалуулуктары болот. Көпчүлүк учурда бир адам экинчи адамды түшүнө албайт, анткени алардын баалуулуктары, көз караштары туура келбейт. Бүгүнкү жаштардын баа туткан жолу ар кандай. Алар келечегтнде көп варианттарды тандоо мүмкүнчүлүгү бар. Жаштарды туура тандоо жүргүзүүгө, адашпоого багыт берүү билим берүүдөгү негизги маселелердин бири болуп саналат.

Төртүнчү ыкма – башка элдерден сиңирген жакшы жана жаман көрүнүштөр аркылуу алуучу билим. Ар бир улут өз казанында эле кайнай бербей, бардык өлкөлөрдүн жакшы жактарын турмушта пайдалана билүү мезгил талабы. Айтылган сөз бар го ойлоп табылган велосипедди кайрадан ойлоп табыштын кереги жок деген, ошол сыңары жакшы ачылыштарды өз элибиздин өзгөчөлүгүн эске алуу менен чыгармачылык менен максаттуу пайдаланып кетүү зарыл. Бирок, биздин элибизде сырттан келген ыкмаларды көп кабыл ала бербейт, жат нерселер жукпайт.

Ар бир элдин тамырынан келген азыктар өтө күчтүү кубаттуу болот. Ал элдин өсүп-өнүгүшүнө өбөлгө берет, өзгөчөлүктү тартуу кылат. Тамырдан келген азык сенин жан дүйнөңө ылайык сезимди байытуучу, акылыңа азык берүүчү, асылдыгыңды коргоочу кубаттуу азык. Тамырың тереңдике кетпесе, сен бийиктикке жетпейсиң. Тамырың тереңдике жетпесе, элдин жашоосундагы ызгаар бороонго, ысык-суука туруштук бере албайт, ошондон улам тамырды сыйлап, баалап андан азык алуу керек.

Ар бир элдин билимдүү, акылдуу, эстүү адамдары өзү билип, туюп турган билимин кандай ыкма менен жеткирсем деп иликтөө жүргүзүү менен жашайт. Иликтөөсү кубаттуу эл ар дайым тереңдикти сактайт. Тамыры күчтүү, туруктуу, кубаттуу эл тарыхын сыйлайт жана баалайт.

Билим бардык байлыктан кымбат. Билимдин баалуу экендигин билебиз, бирок аны кантип берип жана кантип терең билим алуунун жолун ар дайым издейбиз.

Бүгүнкү күнү да билим берүүнүн ар кандай жолун, ыкмаларын, проблемаларын изилдеген уюмдар, программалар, аларды ишке ашырган адамдар иштеп жатышат.

Педагогдор да чыгармачылык менен изденүүнүн үстүндө. Акыркы жылдар ичинде жашоо тездик менен өзгөрүлүп, жаңы маалыматтык технологиялардын келиши менен билим берүү артта калып жаткандай сезилет. Керектүү маалыматтарды тез аранын ичинде таап, тез практикага киргизүү зарылчылыгы байкалат.

Жаш муундарга мезгил талабына ылайык билим берүү үчүн мамлекет көптөгөн иштерди жасап жатат, анткени анын сапаты өлкөнүн келечеги кандай болорун аныктайт эмеспи. Бирок окуучулар китеп, билим алууга эмес, компьютер, уюлдук телефонго кызыгуусу артууда.

Ошондуктан ар бир балага келечекте ким болот, жашоодо эмнеге жетишет ордун аныктай билүүгө багыт берүүбүз керек.

Сабакта заманбап каражаттарды колдонуу менен окуучунун сабакка болгон кызыгуусун арттырып, мотивациясын жогорулатуу керек. Жаштар компьютер, уюлдук телефонго кызыгуусу артып жатабы, демек биз аларды каражат катары колдоно билишибиз керек. Активдүү ыкмаларды колдонуу менен окууга болгон чыгармачылык менен катышуусун ойготуу керек.

Санариптик трансформация шартында билим берүү жана тарбиялоо процессине өзгөчө көнүл буруу менен шартка ылайыктуу билим берүүнүн жаңы ыкмаларын берүү зарылчылыгы келип чыгууда. Окуучулар аралыктан окуудан активдүү сабак окууга өткөн мезгилде эки түрдүү шартта билим алууну андан ары улап алып кетүүнүн жолун мисал катары карап көрөлүчү, мугалим окуучуга жаңы тема боюнча слайд түзүп күн мурунтан тапшырма катары берет. Жаңы теманы өздөрү окуп келет, анткени окуучулардын кабыл алуусу ар кандай, кээси тез, кээси жай өздөштүрөт. Жаңы теманы теориялык жактан кандайдыр бир денгээлде өздөштүрүп келгенден кийин, мугалим класстан ал теманы практикалык жактан бекемдейт. Бул ыкма эки шартты бириктирип жатат.

Дагы бир ыкманы карап көрөлү, «Окутуунун аралаш технологиясы» - мында окуучулар үч топко бөлүнүшөт, мугалим ар бир топко өзүнчө тапшырмаларды берет. Биринчи топ- күн мурунтан мугалим тарабынан даярдалган карточкага жазылган тапшырмалар менен иштешет. Экинчи топ- долбоор түзүшөт, ал эми үчүнчү топ маалыматтарды интернет булактарынан издешет. Белгиленген убакытта тапшырмаларды аткарып бүткөндөн кийин орундарын алмашып жогорку иш аракеттер кайталанат. Бул мугалим үчүн чоң түйшүк, бирок ар бир окуучуну сабакка тартууга жетишет. Окуучулардын аралыктан окуудан активдүү сабак окууга өткөн мезгилде эки түрдүү шартта билим алууну натыйжалуу бириктире алат . Демек ушул ойлорду ишке ашырууда педагогко чоң жоопкерчилик жүктөлгөн. Ал соцалдык статуска ээ болгон, коом менен кошо өнүгүп туруучу адам экендиги талашсыз.. Мугалимдер изденүүнүн үстүндө, ал мезгил талабына ылайык билим берүүнүн ар түрдүү ыкмаларын колдонуп, чыгармачылык менен изденген адам.

Кандай ыкманы колдонуп сапттуу билим берсем, канткенде баланын жан дүйнөсүнө жеткирип ишенимдүү келечек ээсин тарбиялайм- деген суроо адам жашоосундагы түбөлүк иликтөөнү талап кылуучу маселе.

Билим алуунун дагы бир жаны ыкмасынын бири – бул аралыктан окутуу болду. Бул студенттер учун эле эмес окутуучулар учун да жанылык болду. Буга чейин окулган лекциялар тезис формасында, же ар кандай булактардан алынган маалыматтардан туруп, лекциялар көбүнчө ооз эки түрүндө болсо эми окутуучулар бардык маалыматтард толугу менен кагаз бетине түшүрүүгө туура келди. Студенттердин өз алдынча иштери, практикалык сабактарды да түшүндүрмөсү менен толук жазуу формасында берүү зарылчылыгы келип чыкты. Студент мурда окутуучунун денгээлин сөз байлыгынан, теманы түшүндүрүү ыкмасы менен бааласа, эми болсо аны таанышуу үчүн илинген лекциясы менен баалай турган болуп калды. Мындан келип бул аралыктан да окутуунун жаны ыкмасы катары кабыл алынды. Бул окутуунун дагы бир ыкма катары карасак болот.

Аралыктан окутуу ыкмасы боюнча да ойлор ар кандай. Алсак, жакшы жагы төмөндөгүлөрдү карасак болот:

- Жакшы жагы убакыттын эркиндиги, башкача айтканда, калаган бош убактында билим алууга болот;
- Лекциялык маалыматтарды кайталап окууга, өз алдынча иштерди жана практикалык тапшырмаларды толук изденип аткарууга мүмкүнчүлүктүн болгондугу;
- Билиминдин канчалык деңгээлде экендиги ачык айкын көрүнүп тургандыгы, өз билиминди баалоонун ачыктыгы;

- Берилген дарсттык сабактар менен эле чектелбестен, берилген адабияттарды пайдаланып терең, кенен маалыматтарды алууга мүмкүнчүлүктүн болгондугу;

Практика жүзүндө колдоно келгенде студенттер билим берүүнүн түрү болгон аралыктан окутууда кандай кыйынчылыктарга туш болгондугун төмөндөгүдөй белгилешет;

- Биздин тандообузга карабастан, сырттан окуунун жоюлуп аралыктан окутуунун киргизилгендиги;
- Жалпы региондордун компьютерлер, техникалар, интернет булактары менен камсыз болушу, компьютердик билиминин деңгээли менен эсептешещүү жана алдын ала даярдыктын жоктугу жана эске алынган жок дешет. Бирок ошого карабастан аралыктан окутуу формасын жаны билим берүүнун бир ыкмасы катары катары кабыл алдык.

Адамга кантип билим берүү керек, кандай ыкманы колдонсок жугумдуу болот деген түбөлүктүү суроо ар дайым мезгилден-мезгилге өтүп эң актуалдуу боюнча кала бермекчи. Ал эми биз жаңы пайда болгон ыкмаларды улам иликтеп, мезгил талабына туура келген ыкмаларды пайдалануу менен «Өткөндү унутуп, бүгүнкү күндү анализдебей, келечекке барууга мүмкүн эмес» – деп айтылган ойго таянуу менен, улам чыгармачылык менен изденип иштөөгө милдетүүбүз, анткени ишибиздин борборунда келечектин адамы турат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. – Б., 2001.
2. Бекбоев И., Тимофеев А.М. Сабактардын оптималдуу вариантын даярдап өткөрүү методикасы. – Ф., 1988.
3. Билим берүүдөгү инновациялык процесстер: проблемалар, тажрыйбалар, өнүгүү келечеги. – Б., 1995.
4. Зотов Ю.Б. Организация современного урока. – М., 1986.
5. Инсанга багытталган окутуунун сабактарынын план-конспектилери. Методикалык колдонмо. – Б., 2010.
6. Киррилов Т.Д. Теория и практика урока в условиях развивающего обучения. – М., 1980.
7. Конаржевский Ю.А. Анализ урока. – М., 2003.
8. Кулъневич СВ. Лакоценина Т.П. Совсем необычный урок. – Ростов-на-Дону. 2001.
9. Кулъневич СВ. Лакоценина Т.П. Анализ современного урока. – Ростов-на-Дону. 2001.
10. Махмутов М. Современный урок. – М., 1985.
11. Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо. Методикалык колдонмо. – Б., 2010.
12. Решетников Л.Е. Нетрадиционная технологическая система подготовки учителей. – М., 2000.
13. Саалаев О. Окутуунун интерактивдүү усулдары. – Б., 2009.
14. Соосаар Н., Замковая Н. Интерактивные методы преподавания. Часть 1. – Златоусг, 2004.
15. Суворова Н. Интерактивное обучение: Новые подходы. – М., 2005.
16. Чыманов Ж.А. Кыргыз тили. Окутуу методдору. – Б., 2007.
17. Жусупова Б.С. Жашоонун ажары сүйүүдө. – Б., 2022.
18. Турусбекова А.Э. Мектеп окуучуларын ар тараптуу тарбиялоо. Усулдук колдонмо. Бишкек, 2019-ж., «Кут аалам», 156 б., 2180 нуска, 9,75 б.т.
19. Турусбекова А.Э., Сейдекулова К. Педагогикалык чеберчилик. Окуу – методикалык колдонмо. – 58 б.


**Рецензент: Кыргыз Билим Берүү Академиясынын ага илимий кызматкери Аттокурова Ч.А.**